**КАБЫЛ АЛЫНДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин ТОСВТ, ТОР ПЦК төрайымы
А. А. Оморова
_______
«13» 09 2024-ж.

**БЕКИТЕМ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору
Н.К. Турусбекова
_______
«19» 11 2024 -ж.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору
М.К. Чыныбаев
_______ 2024 -ж.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун Профсоюз комитетинин төрагасы
А.А.Абылаева
_______
«28» 11 2024-ж.

# НУСКАМА

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин «Радиоэлектрондук техникага техникалык тейлөө жана оңдоо» адистиги боюнча практикалык жана лабораториялык иштерди аткарууда кызматкерлер жана билим алучулар үчүн коопсуздук техникасы жана өрт коопсуздугу боюнча**

Бул нускама И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин (мындан ары Колледж) кызматкерлери жана билим алуучулары үчүн «Радиоэлектрондук техникага техникалык тейлөө жана оңдоо» адистиги боюнча практикалык жана лабораториялык иштерди аткарууда коопсуздук техникасы жана өрт коопсуздугу боюнча негизги талаптарды белгилейт. Нускама окутуу жана иш аткаруу процессинде коопсуз эмгек шарттарын камсыз кылууга, жаракаттардын, авариялардын жана өрттөрдүн алдын алууга багытталган.

## 1. Жалпы коопсуздук талаптары

1.1. Практикалык жана лабораториялык иштерди аткарууга медициналык кароодон өткөн, эмгекти коргоо боюнча киришүү инструктажынан жана жумуш ордунда алгачкы инструктаждан өткөн, ошондой эле Колледждин ички тартип эрежелери жана ушул нускама менен таанышкан, ошондой эле радиоэлектрондук жабдуулар жана шаймандар менен иштөө үчүн зарыл болгон көндүмдөргө ээ адамдарга гана уруксат берилет.

1.2. Кызматкерлер жана билим алуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ушул нускаманын, ошондой эле колледжинин эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугу маселелерине тиешелүү башка жергиликтүү ченемдик актыларынын талаптарын сактоого;
- аткарылуучу иштер үчүн каралган жеке коргонуу каражаттарын (ЖКК) (атайын кийимдерди, атайын бут кийимдерди, коргоочу көз айнектерди, кол каптарды ж.б.) колдонууга;